**«Юриспруденция» программасынынын 2023-жылдын 15–декабрындагы өткөрүлгөн кенешинин № 4 протоколу**

**Катышкандар:**
Программа мүчөлөрү.

**Каралуучу маселелер:**
1. Сырткы эксперттик комиссиянын (ВЭК) көрсөткөн кемчиликтерин жоюу боюнча иш-аракеттердин отчеттун угуу.
2.Юриспруденция программасынын Негизги билим берүү программасын (ООП) студенттер үчүн түзүп чыгаруу. Студенттердин окуу ишмердүүлүгүн өркүндөтүүнүн методикасын иштеп чыгуу.
3. Ар түрдүү маселелер.

**1-маселе** боюнча программа башчысы, ю.и.к, доц. Шимеева Ж.Ш. сөз сүйлөдү.
Сырткы эксперттик комиссиянын (ВЭК) көрсөткөн кемчиликтерин жоюу боюнча жигердүү иш-аракеттер жүргүзүлдү. Криминалисттик лаборатория, юридикалык клиника мүмкүнчүлүккө жараша окуу процессинин талаптарына жараша камсыздалды.
Негизги билим берүү программасы (ООП) боюнча көрсөтүлгөн кемчиликтер жоюлду.
**2-маселе** боюнча программа башчысы, ю.и.к, доц. Шимеева Ж.Ш. сөз сүйлөдү.
Юриспруденция программасынын Негизги билим берүү программасын (ООП) студенттер үчүн түзүп чыгаруу зарыл. Ошондуктан Юриспруденция программасы тарабынан иштелип чыккан Негизги билим берүү программасын (ООП) бекитилиши керек.
Студенттердин окуу ишмердүүлүгүн өркүндөтүүнүн методикасын иштеп чыгуу учур талабы ошондуктан Юриспруденция программасынын мүчөлөрүнөн жигердүү катышыңыздарды өтүнөм.
**Тойчубекова Г.М.** 1-маселе боюнча, Сырткы эксперттик комиссиянын (ВЭК) көрсөткөн кемчиликтерин жоюу боюнча мүмкүнчүлүккө жараша көптөгөн иш-аракеттер жүргүзүлдү, ошондуктан канаттандырарлык деп баалasак болот.
**Карасартов Б.Б.** 2-маселе боюнча Негизги билим берүү программасы (ООП) жалпысынан айтканда канаттандырарлык деп айтсак жаңылбайбыз.

**Кадыркулова А.С.** 1-маселеде Сырткы эксперттик комиссиянын (ВЭК) Негизги билим берүү программасы (ООП) боюнча көрсөтүлгөн кемчиликтер талданып жоюлду десек болот.

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сырткы эксперттик комиссиянын (ВЭК) көрсөткөн кемчиликтерин жоюу боюнча жүргүзүлгөн иш-аракеттер канаттандырарлык деп табылсын.
2. Юриспруденция программасы тарабынан иштелип чыккан Негизги билим берүү программасын (ООП) бекитүүгө С. Мамбеткалиев ат. ЧУнун жетекчилигине жиберилсин.
3. Студенттердин окуу ишмердүүлүгүн өркүндөтүүнүн методикасы 10 күн ичинде иштеп чыгарылсын.

**Программа башчысы** **ю.и.к., доц. Шимеева Ж.Ш.**

**Катчы** **Кадыркулова А.С.**